1972- жылы 13-октябрда Жалал- Абад облусунун Тогуз- Тороо районуна караштуу Казарман айылында туулган.

Билими жогорку. 1993- жылы Москвадагы М.С. Щепкин атындагы жогорку театралдык окуу жайын аятаган. (Актердук чеберчилик), 2000-жылы М. Күрөңкеев атындагы атайын музыкалык окуу жайын бүтүргөн.

Эмгек жолу

1993-1998-ж.ж. - А. Умралиев атындагы Бишкек шаардык драма театрынын II категориядагы актеру;

1998-2003-ж.ж.- А. Умралиев атындагы Бишкек шаардык драма театрынын I категориядагы актеру;

2004-2014- ж.ж. – “Макал Арт” чыгармачылык бирикмесинни жетекчиси;

2010- 2013-ж.ж. - А. Умралиев атындагы Бишкек шаардык драма театрынын режиссер- коюучусу;

2013-2014-ж.ж.- Т. Сатылганов атындагы Кыргыз Улуттук филармониясынын башкы режиссеру;

2014-ж. - «Макал-Арт» коомдук фондунун президенти;

2014-2016-ж.ж.- Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат жана туризм министри;

2016-2022- ж.ж. - Т. Сатылганов атындагы Кыргыз Улуттук филармониясынын көркөм жетекчиси.

Кыргыз Республикасынын III даражадагы “Манас” орденин кавалери. Кыргыз Республикасынын эл артисти жогорку даражадагы наамы ыйгарылган. Көз карандысыз Мамлекеттер Шериктештигине катышкан мамлекеттердин жалпы маданий мейкиндигин түзүүгө жана өнүктүрүүгө, маданият жана искусство чөйрөсүндөгү кызматташтык идеяларын ишке ашырууга олуттуу салым кошкондугу үчүн “Маданиятты жана искусствону өнүктүрүүдөгү сиңирген эмгеги үчүн” КМШнын Парламенттер аралык ассамблеясынын “Ардак Белгиси”, Кыргыз Республикасынын Маданият жана маалымат министрлигинин (2004) Ардак грамотасы менен сыйланган.